DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2023

*Хамзаева А.М., Дүйшөева Н.С., Батыр уулу А.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨ МИКРОКАРЖЫЛООНУН ЖАНА МИКРОНАСЫЯЛООНУН РОЛУ

*Хамзаева А.М., Дүйшоева Н.С., Батыр уулу А.*

# РОЛЬ МИКРОФИНАНСИРОВАНИЯ И МИКРОКРЕДИТОВАНИЯ В РАЗВИТИИ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*A. Khamzaeva, N. Duishoeva, Batyr uulu A.*

# THE ROLE OF MICROFINANCE AND MICROCREDIT IN THE DEVELOPMENT OF AGRICULTURE IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 336.6*

*Айыл чарбасы Кыргыз Республикасынын экономикасынын артыкчылыктуу тармактарынын бири болуп саналат, анткени, биринчиден, тамак-аш коопсуздугун камсыздаса, экинчиден, жакырчылыкты жана жумушсуздукту жоюуда негизги ролду ойнойт. Өлкөнүн калкынын дээрлик 65% айыл жерлеринде жашайт, жалпы жумушка жарамдуу калктын 34% айыл чарбасы менен алектенет. Айыл чарба продукциясынын өлкөнүн ички дүң продуктусундагы үлүшү 14,7% түзөт, бул 2007-жылга салыштырмалуу дээрлик 2 эсе аз. Ички дүң продуктынын түзүмүндө айыл чарбасынын үлүшүнүн азайышы өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөшү жерлердин деградацияланышы жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн азайышы менен байланышкан. Техникалык, финансылык каражаттардын жана жогорку квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги да тармактын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип келет. Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун стратегиялык максаты болуп азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу саналат. Акыркы мезгилде микрокаржы жана микронасыя уюмдары агрардык сектордун өнүгүшүнө олуттуу салым кошууда, анткен менен айыл жерлеринде каржы-насыя мекемелеринин мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Жогорудагылар айыл чарбасынын өнүгүшүндө микрокаржы секторунун таасирин жана натыйжалуулугун изилдөө зарылдыгын шарттайт. Макаланын максатын Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын өнүгүүсүнө микрокаржылоонун жана микронасыялоонун таасирин изилдөөнүн негизинде анын чечүүчү ролун негиздөө, бул тармакты өнүктүрүү жолдорун сунуш кылуу түздү.*

***Негизги сөздөр:*** *айыл чарбасы, микрокаржылоо, микронасыялоо, Кыргыз Республикасы, жакырчылык, азык-түлүк коопсуздугу.*

*Сельское хозяйство является одной из приоритетных отраслей экономики Кыргызской Республики, поскольку, во-первых, оно обеспечивает продовольственную безопасность, во-вторых, играет важную роль в преодолении бедности и безработицы. Почти 65% населения страны проживает в сельской местности, 34% всего трудоспособного населения занимается сельским хозяйством. Удельный вес сельскохозяйственной продукции в валовом внутреннем продукте страны составляет 14,7%, что меньше почти в 2 раза по сравнению с 2007 годом. Уменьшение доли сельского хозяйства в структуре валового внутреннего продукта страны связано со снижением эффективности производства, деградацией земель и уменьшением урожайности сельскохозяйственных культур. Нехватка технических и финансовых средств и высококвалифицированных кадров также оказывают негативное влияние на развитие отрасли. Стратегической целью развития аграрного сектора Кыргызской Республики является обеспечение продовольственной безопасности и повышение конкурентоспособности сельского хозяйства. В последнее время значительный вклад в развитие аграрного сектора вносят микрофинансовые и микрокредитные организации, однако возможности финансово-кредитных учреждений в сельской местности ограничены. Вышеперечисленное обуславливает необходимость исследования влияния и эффективности микрофинансового сектора в развитии сельского хозяйства. Цель статьи заключается в обосновании решающей роли микрофинансирования и микрокредитования в развитии сельского хозяйства Кыргызской Республики на основе изучения их влияния на отрасль, предложении путей развития данной отрасли.*

***Ключевые слова:*** *сельское хозяйство, микрофинансирование, микрокредитование, Кыргызская Республика, бедность, продовольственная безопасность.*

*Agriculture is one of the priority sectors of the economy of the Kyrgyz Republic, because, firstly, it provides food security, and secondly, it plays an important role in overcoming poverty and unemployment. Almost 65% of the country's population lives in rural areas, 34% of the total able-bodied population is engaged in agriculture. The share of agricultural products in the gross domestic product of the country is 14.7%, which is almost 2 times less than in 2007. The decrease in the share of agriculture in the structure of the gross domestic product of the country is associated with a decrease in production efficiency, land degradation and a decrease in crop yields. The lack of technical and financial resources and highly qualified personnel also have a negative impact on the development of the industry. The strategic goal of the development of the agricultural sector of the Kyrgyz Republic is to ensure food security and increase the competitiveness of agriculture. Recently, microfinance and micro-credit organizations have made a significant contribution to the development of the agricultural sector. Meanwhile, the possibilities of financial and credit institutions in rural areas are limited. The above makes it necessary to study the impact and effectiveness of the microfinance sector in the development of agriculture. The purpose of the article is to substantiate the decisive role of microfinance and microcredit in the development of agriculture in the Kyrgyz Republic on the basis of studying their impact on the industry, suggesting ways to develop this industry.*

***Key words****: agriculture, microfinance, microcredit, Kyrgyz Republic, poverty, food security*

Азык-түлүк өндүрүү Кыргызстанда салттуу тармактардын катарына кирет. Өлкөбүз көз карандысыздык алгандан тартып жүргүзүлгөн реформалардан улам агрардык сектор азыркы менчик дыйкан чарбаларынын формасына өттү. Учурда Кыргызстандын айыл чарбасынын түзүмү жеке менчикке негизделип, майда дыйкан чарбалары жана үй чарбалары тарабынан ишке ашырылат. Тилекке каршы, акыркы жылдарда айыл

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



чарбасынын ИДПдагы үлүшү кыскарып, Кыргызстан азык-түлүк менен өзүн толук камсыздай албай келет.

Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын эң башкы көйгөйү болуп каржы каражаттарынын жетишсиздиги болуп саналат. Айыл чарба өндүрүүчүлөрүн жеңилдетилген насыялоо да өзүнчө чоң маселе. Мында акыркы жылдары микрокаржылоо жана микронасыялоо секторунун ролу жогорулап, микрокаржы жана микронасыя уюмдары айыл чарба өндүрүшүн каржылоонун негизги булагына айланууда.

Кыргыз Республикасы микронасыялык каржылоо тажрыйбасын Борбор Азияда алгачкылардан болуп баштаган. 2001-жылдын 8-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасында микронасыялоо системасын өнүктүрүү чаралары жөнүндө” жарлыгы чыгып, анын негизинде Улуттук Банк “Микронасыя уюмдары жөнүндө” мыйзамынын долбоорун даярдаган. 2002-жылы “Кыргыз Республикасында микрокаржы уюмдары жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган, ага ылайык микрокаржылоо менен микронасыя агенттиктери, микронасыя компаниялары жана микронасыя каржы компаниялары алектене алат. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында микрокаржы умюмдары жөнүндө» мыйзамына ылайык микрокаржы уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн максаты болуп жакырчылыкты жоюуга, иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатууга, ишкердикти өнүктүрүүгө көмөктөшүү үчүн микрокаржылоо боюнча жеткиликтүү кызматтарды көрсөтүү саналат [1].

Айыл калкынын ишкердик демилгелерине колдоо көрсөтүүнүн маанилүү куралы катары микрокаржылоо секторун өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу экономикалык жана мыйзам-ченемдик чөйрөнү камсыз кылуу, кичи жана чакан ишкердикти өнүктүрүү, өзүн-өзү иш менен камсыз кылууга өбөлгө түзүү аркылуу калктын кирешелерин жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын 2021-жылдын 22-декабрындагы № 2021-П-33/72-12-(НФКУ) токтому менен Кыргыз Республикасында микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары бекитилген [2].

Жеңилдетилген кичи насыялардын жардамында ишкердүүлүк субъектилерине колдоо көрсөтүү максатында КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы №593-б буйругу менен «Кыргыз Республикасынын кичи ишкердүүлүк субъектилерин микрокаржылоо» программасы бекитилген. Бул программаны ишке ашырууга Россия-Кыргыз Өнүктүрүү Фонду тарабынан 10 млн АКШ доллары бөлүнүп, коммерциялык банктар аркылуу агроөнөржай комплекси, кайра иштетүү өнөр жайы, жеңил өнөр жайын тармактарына, айыл чарба продукциясын өндүрүү, алга жылдыруу жана сатуу менен алектенген аймактык соода-логистикалык компанияларга, ошондой эле айыл жергесиндеги туризм менен алектенген ишкердик субъектилерине микронасыялар берген. Агроөнөр жай комплексинин асыл тукум мал чарбасы, айыл чарба продукциясын кайра иштетүү жана даярдоо, айыл чарба продукциясын конкреттүү кайра иштетүүчү ишканаларга түзүлгөн келишим-дердин негизинде жеткирүү үчүн өстүрүү менен алектенген субъектилерине артыкчылык берилген [3].

Микрокаржылоо сектору иш жүзүндө бир топ социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө катышат, атап айтканда:


- экономикалык өсүүнүн башкы шарты болгон чакан жана орто бизнести өнүктүрүүнүн эффективдүү механизми болуп саналат;
- айыл жерлеринин, алыскы аймактардын жашоочулары, калктын аялуу катмары, аялдар, жаштар үчүн финансылык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;
- мамлекетке жакырчылык менен күрөшүүдө реалдуу көмөк көрсөтөт, анткени микронасыяны туура пайдалануу менен калктын бардык катмарлары жашоо сапатын жакшырта алышат;
- гендердик теңчиликти алга жылдыруунун жана аялдар үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнүн натыйжалуу механизми катары кызмат кылат;
- аймактарда кооперативдик насыя берүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Кредиттик союздардын басымдуу бөлүгү айылдарда, кичи шаарларда жана шаар четиндеги аймактарда жайгашкан, алар аркылуу кара-жаттар негизинен айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшалат.

Расмий статистикалык маалыматтардын негизинде Кыргызстанда микронасыялоо секторунун жалпы абалын жана анын улуттук экономиканын тармактарынын, анын ичинен айыл чарбасынын өнүгүшүнө тийгизген таасирин карап көрөлү. 2020-жылы республика боюнча микронасыялоо жаатында 5 ири мик-ронасыя уюм, 105 кредиттик союз жана 147 микронасыя компаниялары менен агенттиктер иш алып барышкан. Алар тарабынан 2020-жылы жалпы 707 миң адамга 31,1 млрд. сом өлчөмүндө микронасыя берилген. Белгилей кетсек, 2019-жылга салыштырмалуу насыя алуучулардын саны 13,2%, берилген насыялардын суммасы 3,2% көбөйгөн (1-сүрөт).

Каржылоо булагын алып карай турган болсок, 2020-жылы берилген микронасыялардын 71,7% уюмдардын менчик каражаттарынын эсебинен, ал эми калган 28,3% карызга алынган каражаттардан камсыз кылынган. Мөөнөтү боюнча микронасыялар негизинен 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө (13 927,8 млн. сом, же микронасыялардын жалпы көлөмүнүн 44,7%) жана 6 айдан 12 айга чейинки мөөнөткө берилген (13 128,2 млн. сом, же 42,2%) [4].

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557






**1-сүрөт.** Кыргыз Республикасында 2018-2020-жж. микронасыялардын берилиши.

*Булагы: [4]*

**Республиканын аймактары боюнча** микронасыялардын берилишин алып карасак, 2020-жылы берилген насыялардын жалпы көлөмүнүн 21,8%, же 6,8 млрд. сому Ош облусуна, 15,7% же 4,9 млрд. сому Жалал-Абад облусуна, 15,6% же 4,9 млрд. сому Бишкек шаарына жана 13,4% же 4,2 млрд. сому Чүй облусуна берилген.

Микронасыя уюмдарынын аймактар боюнча жайгашуусу боюнча, 2020-жылы микронасыя алуучулардын басымдуу бөлүгү Ош облусуна (25,2%) жана Жалал-Абад облусуна (18,2%), Бишкек шаарына (11,0%), Чүй жана Баткен облустарына (ар бири 10,6%дан) туура келген [5].

Экономиканын тармактары боюнча микронасыялардын берилишин талдап көрсөк, 2020-жылы алардын жалпы көлөмүнүн үчтөн бири айыл чарбасына, 28,2% керектөөчүлүк муктаждыктарга, 10,4% соода жана коомдук тамактанууга, 8,1% курулуш тармагына берилген. Айыл чарбасына берилген насыялардын 2019-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 2,4% түзгөн (2-сүрөт).




**2-сүрөт.** Тармактар боюнча калкка микронасыялардын берилиши
*(берилген микронасыялардын жалпы өлчөмүнө карата пайыз менен)*

*Булагы: [4].*

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Микрокаржы каражаттарынын көлөмү динамикада көбөйүп жаткан менен микронасыялоонун натыйжалуулугу жана экономиканын тармактарынын өнүгүүсүнө тийгизген таасири көйгөйлүү маселелердин катарына кирет. Микронасыялоонун натыйжалуулугун жогорулатуучу факторлорго төмөнкүлөр кирет:

1) микрокаржы чөйрөсүнүн динамикалуу өнүгүшү;

2) микронасыяларды алуу процедураларын оптималдаштыруу, пайыз чендерин төмөндөтүү;

3) КР микронасыялоо жана каржылоо боюнча мыйзам базасын өркүндөтүү;

4) насыя фонддорун уюштуруу үчүн калктын, ишканалардын жана уюмдардын топтоолорун тартуу системасын өнүктүрүү [7, 8].

Кыргыз Республикасынын агрардык секторун микронасыялык каржылоонун бардык аспектилеринин жана көйгөйлөрүнүн анализи микронасыялоонун натыйжалуулугу бардык региондордун жана айыл чарба субъектилеринин аймактык жана географиялык жактан толук камтышылынан, көрсөтүлгөн кызматтар, насыялоо шарттары жана жеңилдиктер тууралуу толук жана жеткиликтүү маалымат берүүдөн көз каранды экендигин көрсөттү.

Агроөнөр-жай комплексинде мамлекеттин каржы-насыя саясаты айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жана аны кайра иштетүүнүн көлөмүн көбөйтүүгө, өндүрүш инфраструктурасын жана сатуу каналдарын өнүктүрүү максатын көздөөгө тийиш. Айыл жерлеринде жалпы эле насыялоо жана каржылоо, анын ичинен микрокаржылоо жана насыялоо агроөнөр-жай комплексинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана калктын жакырчылыгын жоюуга багытталышы керек.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө мыйзамы [Текст]: Кыргыз Республикасынын мыйзамы. – №124. – 2002-жылдын 23-июлу.
2. Кыргыз Республикасында микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары [Текст]: Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын №2021-П-33/72-12-(НФКУ) токтому. - 2021-жылдын 22-декабры
3. КР кичи ишкердүүлүк субъектилерин микрокаржылоо программасы [Текст]: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 593-б буйругу. - 2017-жылдын 28-декабры.
4. 2020-жылы Кыргыз Республикасынын калкына микрокредиттердин берилиши [Электрондук ресурс]. – Жеткиликтүүлүк режими: http://www.stat.kg/media/files/a55c70e6-93c3-455b-98f3-bf4e0ea8960d.doc
5. Более трети выданных в 2020 году микрокредитов направлено на развитие сельского хозяйства [Электрондук ресурс]. - Жеткиликтүүлүк режими: http://www.stat.kg/ru/-news/bolee-treti-vydannyh-v-2020-godu-mikrokreditov-napravleno-na-razvitie-selskogo-hozyajstva/
6. Былтыр берилген микрокредиттердин 38%дан көбү керектөөчүлүк муктаждыктарына багытталды http://www.akchabar.kg/kg/news/byltyr-berilgen-mikrokredi...yktaryna-bagyttaldy/ 13.04.2022
7. Зилалиева З.Х. Развитие микрокредитования в аграрном секторе экономики (на материалах Кыргызской Республики) / З.Х. Зилалиева. - Бишкек: КРСУ, 2009. - 135 с.
8. Сомов Е.Н. Микрокредитное финансирование в совершенствовании материально-технической базы АПК Кыргызской Республики // Е.Н. Сомов // Вестник КРСУ. - 2011. - Том 11. - № 12. – С. 39-44.